# Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2013-жыл май)*

Кароого алынган мезгил аралыгында Финансы министрлигинин казына облигацияларын биринчилик рынокто жайгаштыруу боюнча бир аукцион жана бир кошумча жайгаштыруу болуп өттү. Жалпысынан алганда, рыноктун катышуучулары тарабынан 232,0 млн. сом суммасында баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 2,5 эсеге жогору көрсөткүчтү берет. Коммерциялык банктардын аукционго жигердүү катышкандыгынын натыйжасында баалуу кагаздарды сатуу жогорулаган (коммерциялык банктардын бири көбүрөөк активдүү катышкан). 2012-жылдын июнь айынан тартып жигердүү катышкан институционалдык инвесторлор тарабынан баалуу кагаздарды сатып алууга кызыгуу мурунку деңгээлде сакталган.

Канааттанган суроо-талап деңгээли 7,6 пайыздык пунктка төмөндөп, 92,3 пайызды түзгөн. Мында баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 15,8 пайызды түзүү менен өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырмалуу жогорулаган (+0,4 пайыздык пункт). Мамлекеттик казына облигациялары (МКО) боюнча киреше алуунун салыштырмалуу жогорку деңгээлине карабастан, мамлекеттик баалуу кагаздардын аталган түрүнө болгон кызыгуу көпчүлүк банктар тарабынан беш ай бою жогорку эмес деңгээлде калууда.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынган мезгил аралыгында жүгүртүүдөгү МКО көлөмү 5,1 млрд. сомго (+0,4 пайыз) чейин көбөйгөн. Мында коммерциялык банктардын үлүшү 1,7 пайыздык пунктка (53,0 пайызга чейин) төмөндөгөнү, институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 1,7 пайыздык пунктка жогорулаганы жана 46,9 пайыз өлчөмүндө түптөлгөндүгү байкалган. Юридикалык жактар-резиденттердин үлүшү 0,1 пайызды түзгөн.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси[1] 0,43 түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтөт жана рынокто үлүштөрү бирдей эки инвестордун катышкандыгына туура келет.

Кароого алынган мезгил аралыгында МКОлор менен операциялар экинчилик рынокто ишке ашырылган эмес.

[1] Аталган индекс банктардын портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээлин көрсөтөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршман методикасы боюнча эсептелет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтөрдүн салыштырма салмактарынын квадраттарынын суммасын берет. Орун алышы ыктымал болгон индекстин маанилери 0дөн 1ге чейинки маанилер аралыгында орун алат. 0,10 кем индекстин мааниси концентрациялануунун төмөнкү деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине туура келет. Мисалга алсак, 0,50гө тең болгон концентрациялануу индекси рынокто үлүштөрү бирдей эки катышуучу катышкандыгына барабар; 0,30 – үч катышуучуга д.у.с.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Май'2012 | 3 234 570,0 | 2 099 268,9 | 64,9% | 1 131 153,9 | 35,0% | 4 105,2 | 0,1% |
| Июнь | 3 229 690,0 | 1 994 368,9 | 61,8% | 1 231 173,9 | 38,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Июль | 3 449 700,0 | 2 164 368,9 | 62,7% | 1 281 183,9 | 37,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Август | 3 936 450,0 | 2 563 273,2 | 65,1% | 1 369 974,6 | 34,8% | 3 160,2 | 0,1% |
| Сентябрь | 4 092 450,0 | 2 441 373,2 | 59,7% | 1 647 874,6 | 40,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Октябрь | 4 362 550,0 | 2 441 473,2 | 56,0% | 1 917 874,6 | 44,0% | 3 160,2 | 0,1% |
| Ноябрь | 4 561 550,0 | 2 476 473,2 | 54,3% | 2 081 874,6 | 45,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Декабрь | 4 750 550,0 | 2 486 473,2 | 52,3% | 2 260 874,6 | 47,6% | 3 160,2 | 0,1% |
| Январь'2013 | 4 841 300,0 | 2 536 223,2 | 52,4% | 2 301 874,6 | 47,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Февраль | 4 955 200,0 | 2 650 123,2 | 53,5% | 2 301 874,6 | 46,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Март | 5 075 200,0 | 2 770 123,2 | 54,6% | 2 301 874,6 | 45,4% | 3 160,2 | 0,1% |
| Апрель | 5 089 700,0 | 2 784 623,2 | 54,7% | 2 301 874,6 | 45,2% | 3 160,2 | 0,1% |
| Май | 5 107 700,0 | 2 707 009,2 | 53,0% | 2 397 488,6 | 46,9% | 3 160,2 | 0,1% |